**УДК** 378.111

## ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДА: МААРАКЕДЕН МАРАКЕГЕ ЧЕЙИНКИ ИЙГИЛИКТЕР

Абытов Байболот Капарович - тарых илимдеринин доктору, профессор,
РТИА мүчө-корреспонденти, ОшМУнун Чыгыш таануу
институтунун Чыгыш кол жазмалар жана
мурастар фондунун жетекчиси
**babytov@oshsu.kg**;

**Аннотация:** макала ОшМУнун 80 жылдык маарекесинен 85 жылдык маарекесине чейинки 5 жыл аралыгындагы натыйжалуу ийгиликтерине, ОшМУнун өнүгүү жолунда сапаттуу кадам таштоосун изилдөөгө багытталган. Университеттин иштеринин баардык багыттары боюнча - жаңы формациядагы адистерди даярдоо үчүн мезгилдин талаптарына шайкеш билим берүү жана окутуу программаларын трансформациялоо, окуу жараянын жана башкарууну санариптештирүү, чет өлкөлүк жогорку окуу жайлар менен биргелешкен, кош дипломдук билим берүү программаларын ишке ашыруу, эл аралык билим берүү программаларын жана мамилелерди кеңейтүү, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине ОшМУну интеграциялоо, илимий изилдөөлөрдү аймактын социалдык-экономикалык олуттуу маселелерин, көйгөйлөрүн чечүүгө багыттоо. Аталган багыттар боюнча акыркы жылдары - ОшМУ иштиктүү натыйжаларга жетишти. Бул ийгиликтердин баардыгы, университетибизди келечектеги мыкты университеттин моделине айландырууга жана дүйнөлүк университеттердин QS рейтингине кирүү максаттарыбызга өбөлгө түзөт. Университеттин бардык ишмердүүлүгү илим менен билим берүүнүн тыгыз байланышын камсыздоого, илимий жана билим берүү ишмердүүлүгүнүн эл аралык деңгээлде таанылышына жетишүүгө, эл аралык рейтингдерге ийгиликтүү катышып, өз ордун табууга, аймактын жана өлкөнүн социалдык-экономикалык көйгөйлүү, олуттуу маселелерин чечүүгө, илимий натыйжаларды коммерциялаштыруунун натыйжалуу ыкмасын, туруктуу системасын түзүүгө багытталган. ОшМУ туруктуу өнүгүү - трансформациялоо жолунда ишенимдүү бара жатат. ОшМУнун учурдагы жана жакынкы жылдардагы негизги стратегиялык максаты жана милдети классикалык университетти инновациялык изилдөө университетине айландыруу жана 4.0 моделиндеги алдыңкы университеттердин дүйнөлүк рейтингине кирүү болуп эсептелет.

**Кыскача сөздөр:** ОшМУ, ийгиликтер, мааракe, трансформация, көйгөйлөрдү чечүү, , моделдер, QS рейтинги, стратегиялык максат, университеттин 4.0 модели.

## ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ НА ПУТИ УСТОЙЧИВОГО РАЗВИТИЯ: ОТ ЮБИЛЕЯ К ЮБИЛЕЮ

Абытов Байболот Капарович - доктор исторических наук, профессор,
член-корреспондент Российский академии естествознания,
руководитель фонда Восточных рукописей и наследий института
Востоковедения Ошского государственного университета
**babytov@oshsu.kg**;

**Аннотация:** статья посвящена успехам Ошского государственного университета за последние 5 лет, между 80 и 85-летними юбилеями ОшГУ сделал качественный шаг в своем развитии. Во всех сферах деятельности – трансформации образовательных, учебных программ в соответствии с требованиями времени по подготовке кадров новой формации, цифровизации учебного процесса и управления, реализации совместных образовательных программ двойного диплома с зарубежными вузами, расширении международных связей, интеграции в мировое образовательное пространство, ориентировании научных исследований на решение социально-экономических проблем региона - ОшГУ достиг конкретных

результатов. В совокупности эти успехи несомненно, приближают цели по преобразованию университета в модели университета будущего и вхождению в QS рейтинг мировых университетов. Вся деятельность университета направлена на обеспечение тесной связи науки и образования, достижение международного признания научной и образовательной деятельности, успешное участие в международных рейтингах, создание эффективной системы коммерциализаций научных результатов, нацеленных на решение социально-экономических проблем региона и страны. ОшГУ уверенно идет по пути трансформации. Главная стартегическая задача ОшГУ в сегодняшних условиях и ближайшие годы – достигнуть прорывных результатов в осуществлении трансформации классического университета в инновационный исследовательский университет и войти в мировой рейтинг передовых университетов модели 4.0.

**Ключевые слова:** ОшГУ, успехи, юбилей, трансформация, решение проблем, реализация, модели, QS рейтинг, стартегическая задача цели, университет модели 4.0.

## OSH STATE UNIVERSITY ON THE PATH OF SUSTAINABLE DEVELOPMENT: FROM ANNIVERSARY TO ANNIVERSARY

Abytov Baibolot Kaparovich- doctor of historical sciences, professor,
Corresponding member of the Russian Academy natural sciences,
supervisor Background Eastern manuscripts and Heritage
Institute of Oriental Studies in Osh state university babytov@oshsu.kg;

**Abstract:** the article is devoted to the successes of Osh State University over the past 5 years; between the 80th and 85th anniversary, Osh State University took a qualitative step in its development. In all areas of activity - transformation of educational and training programs in accordance with the requirements of the time for training personnel of a new formation, digitalization of the educational process and management, implementation of joint double degree educational programs with foreign universities, expansion of international relations , integration into the global educational space, focusing scientific research on solving the socio-economic problems of the region - Osh State University has achieved concrete results. Taken together, these successes undoubtedly bring closer the goals of transforming the university into a model of the university of the future and entering the QS ranking of world universities. All activities of the university are aimed at ensuring a close connection between science and education, achieving international recognition of scientific and educational activities, successful participation in international rankings, creating an effective system for commercializing scientific results aimed at solving social and economic problems. economic problems of the region and country. Osh State University is confidently moving along the path of transformation. The main strategic task of Osh State University in today's conditions and the coming years is to achieve breakthrough results in the transformation of a classical university into an innovative research university university and enter the world ranking of advanced universities of model 4.0.

**Key words:** Osh State University, successes, anniversary, transformation, problem solving, implementation, models, QS rating, strategic goal, university model 4.0.

Акыркы беш жылда, 80 жылдык маарекеден 85 жылдык маарекенин ортосунда ОшМУ өзүнүн динамикалуу өнүгүүсүндө сапаттуу, олуттуу кадам жасады. Өз иш-мердүүлүгүнүн бардык тармактарында - жаңы формациянын адистерин даярдоодо, окуу жараянын жана башкарууну санариптештирүүдө, чет өлкөлүк жогорку окуу жайлар менен кош дипломдуу биргелешкен билим берүү программаларын турмуш-ка ашырууда, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялануууда, эл аралык байланыштарды кеңейтүүдө, илимий

изилдөөлөрдү чөлкөмдүн, өлкөнүн социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн, маселелерин чечүүгө багыттоодо, учур талабына шайкеш билим берүү, окуу программаларынын трансформациялоодо ОшМУ бир топ алгылыктуу, конкреттүү натыйжаларга жетишкени кашкайган чындык. Негизинен бул жетишкен ийгиликтер биздин университетти келечектеги университеттин 4.0 моделине айландырууга жана мыкты, алдыңкы дүйнөлүк университеттердин QS рейтингине кирүү максаттарын жакындатат.

ОшМУнун акыркы беш жылында эмне өзгөрдү жана кандай ийгиликтерге жетиштик?

❖ **“Ош мамлекеттик университетин 2019-2024-жылдарга өнүктүрүү Концепциясы”** кабыл алынып, ишке ашырылууда.[1] "Анда **«Кыргыз Республикасын 2018-2040–жылдардагы өнүгүүсүнүн улуттук стратегиясынын»** негизинде ОшМУнун башкы артыкчылык максаты, приоритеттүү багыты катары – **классикалык университеттен дүйнөлүк деңгээлдеги илимий-изилдөө жана инновациялык университетке өтүү каралган.**

❖ **“Ош мамлекеттик университетин 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүктүрүү модели”** аттуу стратегиялык өнүктүрүү программасы иштелип чыгып, кабыл алынып, турмушка ашырылууда. Анда төмөнкү багыттар камтылган:

❖ ***университетти туруктуу өнүктүрүүнүн негизги индикаторлору, максаттары жана милдеттери;***

❖ ***илимий изилдөөлөрдүн сапаты, коомдун негизги көйгөйлөрүн чечүү максатына багытталган фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү ар тараптуу колдоо;***

❖ ***улуттук жана эл аралык деңгээлдеги илимий долбоорлорду колдоо;***

❖ ***адамдардын жана коомдун керектөө зарылдыгын эске алуу менен билим берүү программаларынын каталогуна сапаттуу окутууну, сапатты алга илгерилетүүнү жана инновацияларды өркүндөтүү;***

❖ ***эл аралык аспектин алкагында билим берүү чөйрөсүнүн жагымдуулугун жогорулатуу;***

❖ ***жогорку билим алууга укук саясатын өркүндөтүү жана студенттерге көрсөтүлүүчү кызматтарды жакшыртуу;***

❖ ***коомдун социалдык-экономикалык түзүлүшүнүн пайдасына жаңы технологияларды жана билимдерди берүү;***

❖ ***университеттин илимий жана маданий иш-чараларды жайылтуу жана популярдаштыруу ;***

❖ ***социалдык, каржылык жана экологиялык туруктуулукту жогорулатууга багытталган баардык демилгелерди натыйжалуу колдоо ж.б.***[2]

✓ ОшМУ Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 2022-жылдын 18-июлундагы **“Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө”** жарлыгына ылайык, каржылык, материалдык жана интеллектуалдык ресурстарды консолидациялоо, дүйнөлүк рынокто мамлекеттик жогорку окуу жайлардын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети, И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы, **Ош мамлекеттик университети өзгөчө статуска** ээ болгон. Статус кеңири уюштуруучулук, каржылык жана академиялык автономияны камтыйт. Көп өтпөй эле тиешелүү мыйзамдар кабыл алынган.[3]

✓ Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы Жарлыгын ишке ашыруу максатында **“Ош мамлекеттик университетин 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүктүрүү модели”** сыяктуу стратегиялык өнүктүрүү программасы ишке ашырылууда.[16] Анда ОшМУну эл аралык QS рейтингинин критерийлерине шайкеш, университеттик чөйрөдө академиялык таанымды жогорулатуу, БУУнун туруктуу өнүгүү принциптерине шайкеш келген эл аралык академиялык иш-чараларга активдүү катышуу аракеттери каралган Бүгүнкү күндө ОшМУнун дүйнөнүн **309** университети менен **300**дөн ашык эки тараптуу кызматташтык боюнча келишимдери бар. 2022-2023-окуу жылында ОшМУ Евразиялык **“IAAR EUR”** агенттигинин рейтингинин жыйынтыгы менен **Евразиядагы эң мыкты 3 университеттин** катарына кирди.

✓ Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин артыкчылыктуу негизги багыттарына шайкеш, ОшМУнун илимий-изилдөө иштеринин **7** артыкчылыктуу багыты аныкталган:

✓ ***жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу;***

✓ ***тамак-аш коопсуздугу;***

✓ ***маалымат технологиясы;***

✓ ***адамдын саламаттыгын сактоо жана жашоо сапатын жакшыртуу;***

✓ ***энергетика жаатында жаңы технологияларды киргизүү;***

✓ ***туризм жана транспорт жаатында логистикалык системаларды түзүү;***

✓ ***коомдук жана гуманитардык илимдер***.[4]

➢ **"2021-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясын"** жетекчиликке алып, ОшМУнун өнүгүү жолдору иштелип чыкты:

❖ ***Кыргызстан элдеринин руханий жана маданий баалуулуктарын сактоону жана трансляциялоону, жайылтууну камсыз кылуучу билим берүүнүн бирдиктүү, ийкемдүү, ачык жана динамикалуу өнүгүп жаткан системасын калыптандыруу;***

❖ ***тышкы жана ички чакырыктарга ийкемдүү реакция кылуучу башкаруу механизмдерин түзүү;***

❖ ***көп маданияттуу коомдун муктаждыктарын канааттандырууга багытталган, суроо-талаптарына жооп берген билим берүүнү камсыз кылуу.***

Кыргыз Республикасында да, ОшМУда да билим берүү адам ресурстарынын жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү жана эки масштабдуу иштерди аткаруу максатын көздөйт:

✓ **глобалдаштыруу шарттарында улуттук иденттүүлүктү, улуттук баалуулуктарды, маданий өзгөчөлүктөрдү, ар түрдүүлүктү сактоо жана андан ары өнүктүрүү;**

✓ **глобалдаштыруу мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана улуттук өзгөчөлүктү айкалыштырууну эске алуу менен дүйнөлүк билим берүү жаатына интеграциялоо.**

➢ ОшМУда **университеттердин дүйнөлүк рейтингине кирүү боюнча үч жылдык жол картасы** иштелип чыкты **(QS)**.[5] Бул максатты ишке ашырууда, биздин университет учурда төмөнкүдөй негизги маселелерди чечүүнүн үстүндө иштеп жатат:

❖ **ОшМУнун брендин жайылтуу жана популярдаштыруу;**

❖ **Scopus, WoS** ж.б. **индекстелген базаларда жарыяланган илимий макалалардын санын кескин көбөйтүү;**

❖ **илимий макалаларынын сапатын жогорулатуу жана ОшМУнун илимий метрикалык көрсөткүчтөрүн өстүрүү;**

- **ОшМУнун сайт комплекстери менен иштөөнү өркүндөтүү** ***(индекстелген баракчаларды жана шилтемелерди көбөйтүү);***
- **билим берүүнү интернационалдаштыруу жана коммерциялаштыруу.**

Белгилей кетчү жагдай, Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин 7-отурумунун жыйынынын 2023-жылдын 31-мартындагы чечимине ылайык, алдыдагы жаңы милдеттерди, максаттарды эске алуу менен ОшМУнун башкы **миссиясы** үч тилде биротоло бекитилген:

***«Жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуучу заманбап адистерди даярдоо.***

***Подготовка современных специалистов, способных внести свой вклад в устойчивое развитие государства и обладающих общечеловеческими ценностями.***

***Training of modem specialists with universal values who will contribute to the implementation of the sustainable development of the state»***.[6]

Ошентип, жогорудагылар сыяктуу натыйжалуу кадамдардан, жетишкендиктерден улам азыркы ОшМУ илимий изилдөөлөрдүн жана эмгек рыногунун талаптарынын негизинде эл аралык стандарттарга шайкеш сапаттуу жана жеткиликтүү билим берүүдө.

Дагы бир белгилей кетчү жагдай, акыркы мезилде дүйнөдө саясий жана экономикалык “глобалдашуу” жараяны жүрүп жаткандыктан, санариптик технологиялардын болуп көрбөгөндөй тездик менен өнүгүп-өсүшү, континенттер, мамлекеттер, улуттар жана маданияттар аралык чектерди жоюп, эл аралык рыноктун масштабын кеңейтүүдө. Андыктан учурдагы жогорку окуу жайлардын милдети - заман талабын канааттандырган, эл аралык жана маданияттар аралык компетенцияларга ээ болгон жогорку билимдүү, сапаттуу, адамгерчиликтүү адистерди даярдоо болуп саналат. Ушул тарыхый калыптануу ишине Ош мамлекеттик университети дагы омоктуу салым кошуп келе жатканы талашсыз. Буга азыркы ийгиликтерге ар тааруптуу өбөлгө түзгөн, **“ОшМУну 2013-2018-жылдары стратегиялык өнүктүрүү: инновация, инвестиция жана интеграция”** программасынын жана **“Ош мамлекеттик университетинин ишмердүүлүгүн 2014-2018-жылдары модернизациялоо”** программасынын негизинде университетте аткарылган иштер, жыйынтыктар далил боло алат.

Учурдагы билим берүү чөйрөсүнө коюлган негизги талаптар төмөнкүлөр болуп саналат:

- кызыкдар тараптар менен биргеликте рыноктун жана заманбап коомдун талаптарын, ошондой эле өлкөнү өнүктүрүүнүн келечегин эске алуу менен жогорку билим берүүнүн мазмунун кайра карап чыгуу ишин активдештирүү;
- бизнестин, өндүрүштүн, кадрларды даярдоого, билим берүү программаларын түзүүгө, ошондой эле **“ЖОЖ - өндүрүш”** системасын курууга түздөн-түз катышуу мүмкүнчүлүгүн жаратуу;
- алдыңкы илимий изилдөөлөрдүн негизинде түзүлгөн окутуу процессин уюштуруу;
- ЖОЖдордо креативдүү, виртуалдуу жана санариптик лабораторияларды, стартаптарды, илимий, инновациялык борборлорду түзүү;
- Жогорку билим берүүнүн сапатын жакшыртуу, улуттук жогорку билим берүүнүн системасынын беделин арттыруу максатында дүйнөлүк алдыңкы рейтингдерге (Times Higher Education, Academic Ranking of World Universities, U.S.News, Шанхай рейтинги, QS) жана башка эл аралык, КМШ, Азиялык жана Европалык, улуттук изилдөө рейтингдерине активдүү катышуу ж.б.

Бүгүнкү күндө ОшМУнун алдында чоң милдеттер коюлуп, аны мындан ары өнүктүрүү маселелери турат. Ошондуктан **«Ош мамлекеттик университетин 2019-2024-жылдары өнүктүрүү концепциясы»** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын принциптерине жана идеяларына, **“Билим берүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамына”**, **“Кыргыз Республикасында Билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүү концепциясына”** *(2012-жылдын 23-мартында КРнын Өкмөтүнүн № 201 токтому менен бекитилген*), **«2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясына»** жана Ош мамлекеттик университетинин **Уставына** негизделип иштелип чыкты.[7]

Университет азыркы студент жаштардын интеллектуалдык, маданий жана инсандык өсүшүн камсыз кылып, улуттук баалуулуктарды бекем сактоого, көбөйтүүгө жана улап кетүүгө көмөктөшөт.

Учурда аныкталып, ар тараптуу ишке ашырылып жаткандар төмөнкүлөр:

**Университеттин келечекке карай максаты** - *ОшМУнун классикалык университеттен - дүйнөлүк деңгээлдеги изилдөөчү жана инновациялык университетке трансформациялоо.*

**Стратегиялык максат** - *дүйнөнүн алдыңкы ТОП-700 изилдөөчү университеттеринин катарына кирүү. ОшМУну Борбор Азиядагы эң алдынкы 3 университеттин бирине айландыруу.*

Баалуулуктары:

- **адам ресурсу – университеттин негизги байлыгы;**
- **ардагерлерибиз – университетибиздин куту.**
- **орто муун – окуу жайыбыздын жүзү.**
- **жаштарыбыз – университетибиздин келечеги.**
- **студенттерибиз – элибиздин эртеңи.**
- **муундар ортосундагы байланышты бекем кармоо.**
- **классикалык билим+илим жана инновация+руханий маданиятты айкалыштырган университетти өркүндөтүү!**

Университеттин ишмердүүлүгүнүн негизги принциптери:

- **башкаруунун философиясын өзгөртүү;**
- **университеттин ишмердүүлүгүндөгү айкындуулук, демократиялуулук;**
- **университетти башкарууга жамааттык катышуу;**
- **социалдык жоопкерчилик;**
- **жамааттагы ар бир адамга калыстык менен мамиле кылуу;**
- **өз ара карым-катыш (тармактык, жамааттык карым-катыш);**
- **ийкемдүү ыңгайлашуу;**
- **бардык ишмердүүлүктө системалуу ой жүгүртүүнү калыптандыруу;**
- **университеттин ишмердүүлүгүн гумандаштыруу;**
- **жетекчилер жамаатка, окутуучулар студенттерге, кызматкерлер университетке ак дилден кызмат кылуусуна жетишүү**.[8]

**Академиялык чынчылдыкты камсыз кылуу** - бул билим берүү программаларын өздөштүрүүдө жана билим берүү иштерин жүзөгө ашырууда, анын ичинде жазуу иштерин *(контролдук, курстук, эссе, дипломдук, диссертациялык)* аткарууда, өз позициясын билдирүүдө, билим берүү процессинин катышуучуларынын ортосундагы өз ара мамилелерде жүрүм-турум ченемдерин белгилөөчү баалуулуктардын жана принциптердин жыйындысы.

**Академиялык эркиндикке** жетишүү - билим берүү жараянынын субъекттеринин дисциплиналарды тандоо боюнча билим берүүнүн компоненттеринин мазмунун, окутуунун кошумча түрлөрүн өз алдынча аныктоо жана окутуучулардын чыгармачыл өнүгүүсүн, окутуунун инновациялык технологияларын, усулдарын колдонуу үчүн шарттарды түзүү максатында билим берүү иштерин уюштуруу үчүн аларга берилген ыйгарым укуктарынын жыйындысы.[9]

➢ 2018-19 – 2022-23-окуу жылдары ОшМУда алкоого татырлык, бир топ позитивдүү өзгөрүүлөр болду. Акыркы 5 жылда **4 ири, мульти кампус** түзүлдү:

❖ **"Сулайман-Тоо" мульти кампусу** - ОшМУнун башкы имараты, дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети; математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институту, илимий китепкана; студенттер үчүн турак жай комплекси, студенттер үчүн медициналык пункт.

❖ **"Курманжан Датка" мульти кампусу** - "Зирек" башталгыч билим берүү комплексин, "Ыйман" гимназиясын, медициналык колледжди; табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетин, медицина факультетин, эл аралык медицина факультетин, теология факультетин, студенттер үчүн турак жай комплексин бириктирет.

Медициналык адистерди даярдоо, медицина илимдери жаатында илим-изилдөө иштерин жүргүзүү жана калкка сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүү максатында **клиникалык база** пайдаланууга берилген. Жаратылышты туураа пайдалануу жаатында студенттердин жана илимий-педагогикалык кызматкерлердин чарбалык, окуу жана илимий-изилдөө, пракикалык иштери үчүн зарыл шарттарды камсыз кылуу максатында, заманбап агрономиянын жаңы технологияларына шайкеш **багбанчылык-сейил бак** чарбасы модернизацияланып жатат. Ошол эле мульти кампустун аймагында китепкана, кинотеатр жана спорт комплексин куруу пландалууда.

❖ **"Келечек" мульти кампусу** - Алишер Навои атындагы парк аймагынан, искусство факультетинин билим берүү комплекстеринен; эл аралык мамилелер факультетинен, кыргыз-кытай факультетинен *(Конфуций институту)*, мугалимдерди кайра даярдоо институтунан жана ЖОЖго чейинки даярдоо борборунан турат. Финансылык туруктуулукка жетишүү үчүн "Келечек" мульти кампусунда ар кандай өндүрүштүк комплекстер уюштурулат: **жеңил өнөр жай жаатындагы илимий-конструктордук өндүрүштүк комплекси,** анда жергиликтүү рынокто сатуу үчүн кийим-кечелерди өндүрүү жолго коюлат; **илимий-маданий өндүрүш комплекси** *(театр, искусство, дизайн, жарнама, үн жазуу жана видео монтаж)* – комплексте заманбап дизайн студиялары, концерттик зал, дизайнердик жана мода кийимдеринин көргөзмөсү үчүн подиум, көргөзмө залы, үн жазуу жана видеомонтаж студиялары ар кандай жарнамалык жана видеопродукцияларды чыгаруу үчүн уюштурулат; **архитектура жана курулуш илимий-долбоордук борбору**, анын максаты заманбап графикалык компьютердик программалар аркылуу долбоорлоону өнүктүрүү жана ар кандай долбоорлорду иштеп чыгуу үчүн акы төлөнүүчү заказдарды аткаруу. Жогорудагылар сыяктуу өндүрүштүк циклдер студенттердин жана окутуучулардын чыгармачылык жактан өнүгүүсүнө ар тараптуу шарт түзөт, ОшМУнун кесиптик окуу жайларынын студенттеринин ишкердик көндүмдөрүн өздөштүрүүсүнө кеңири өбөлгө түзөт.

❖ **"Апсамат Масалиев" мульти кампусу** - эл аралык билим берүү программалар жогорку мектебин, кыргыз филологиясы жана журналистика факультетин, орус филологиясы факультетин, Кыргыз-Түрк факультетин, педагогика жана психология

факультетин, физикалык тарбия факультетин, тарых жана социалдык иш факультетин, юридикалык факультетти, Чыгыш таануу институтун, Бизнес жана менеджмент факультетин, Финансы-юридикалык колледжди, спорт комплексин, студенттер үчүн турак жай комплексин камтыйт. Бул мульти кампуста Ломоносов атындагы ММУнун Ломоносов борбору ачылган, анда биргелешкен билим берүү программалары ишке ашырылат. Ош мамлекеттик университетинде Москва мамлекеттик университетинин окумуштууларынын илимий-изилдөө тажрыйбасын тартуу мүмкүнчүлүктөрү пайда болду.[10]

➢ Учурда ОшМУнун студенттеринин, магистранттарынын, аспиранттарынын, докторанттарынын, ОПК жана башка түзүмдөрүнүн кызматкерлеринин академиялык мобилдүүлүгү ырааттуу түрдө, динамикалуу өнүгүүдө. Академиялык мобилдүүлүктүн алкагында жыл сайын **500**дөн ашык студенттер (магистранттар) жана **300**дөн ашык профессордук окутуучулук курам дүйнөнүн **33** өлкөсүндө **282** университеттерде ар түрдүү курстагы окуудан, стажировкадан жана тажрыйба алмашуудан өтүп келишет. Академиялык мобилдүүлүк боюнча алмашуулар Эразмус+, Мевлана, ITEC, DAAD, Орхун, USCO билим берүү боюнча программалардын алкагында да жүрөт. Студенттер жана окутуучулар чет өлкөлүк билим берүү системасы менен таанышып, баалуу тажрыйбага ээ болушат. Бул жогорку окуу жайлардын же университеттердин 3.0 жана 4.0 моделинин маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат.

➢ Ош мамлекеттик университети эл аралык билим берүү жана илимий мейкиндиктен кеңири орун алган. Жүздөгөн чет өлкөлүк университеттер менен ар кандай деңгээлдеги интенсивдүү, эки жакка пайдалуу, эл аралык мамилелер аныкталган. Бул максатта Россия, Европа, Азия, Америка жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн мыкты, алдыңкы, абройлуу университеттери менен академиялык мобилдүүлүк жана кеңири илимий байланыштар камсыз кылынган. Бүгүнкү күндө университет дүйнөнүн **30**дан ашуун өлкөлөрүнүн **300**дөн ашык жогорку окуу жайлары менен эки тараптуу кызматташуу келишимдерине ээ. Алардын көпчүлүгү мыкты университеттердин дүйнөлүк рейтингинде алдыңкы орундарда турушат. Алардын арасында Россиянын **70**тен ашык, Москва, Санкт-Петербург жана башка ири федералдык жогорку окуу жайлары бар.

➢ 2022-жылдын сентябрынан баштап ОшМУнун алдында Жаштар бизнес паркы иштей баштады. Анда:

❖ **студенттерди жана жаш окутуучуларды ишкердүүлүккө тартуу;**

❖ **бизнес чөйрөсү - ири, салмактуу фирмалар, кампаниялар менен тааныштырууну уюштуруу;**

❖ **инвесторлорду тартуу менен стартаптарды жана бизнес-долбоорлорду иштеп чыгууга жана реалтизациялоого колдоо көрсөтүү** каралган.

ОшМУ жаштарды ишкерликтин негиздерине, көндүмдөрүнө кеңири тартуу менен бизнести жана ишкердикти өнүктүрүүгө, жаштардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө ар тараптуу көмөктөшөт.

Бизнес парк ачылып, өз ишин расмий баштагандан тартып, **13** жолу **бизнес тренингдер** уюштурулуп өткөрүлдү, алардын жыйынтыгы боюнча инвесторлорго **538** бизнес-идея сунушталды. **49 долбоор** инвесторлор тарабынан колдоого алынып, жалпы суммасы **7 млн. сомго** каржыланды. ОшМУнун Бизнес-паркы эл аралык уюмдардан, долбоорлордун жана жергиликтүү өндүрүш мекемелеринен **6 млн. сомго** инвестиция тартты. 2022-жылдын июнь айынан азыркы учурга чейин тартылган инвестициялардын көлөмү **13 млн. сомду**

түзөт.[11] Жаштар бизнес паркын өнүктүрүү ОшМУнун жакынкы келечектеги миссиясын ишке ашыруудагы абдан маанилүү көрсөткүч экенин баса белгилейбиз.

➢ 2022-жылдын 6-декабрында **Ош мамлекеттик университетинин алкагында** Республика Казахстандын Л.Гумилёв атындагы Евразиялык улуттук университетинин филиалы **- казак тили жана маданияты борборунун** расмий ачылышы болгон. Филиалды ачуунун негизги максаты эки өлкөнүн ортосундагы биримдикти жана кызматташтыкты күчөтүү жана билим берүү чөйрөсүндө жаштарды терең тарбиялоого көмөктөшүү; кош дипломдуу билим берүү программасы боюнча жаңы адистиктерди камтуу, студенттердин, магистранттардын академиялык мобилдүүлүк багытын өнүктүрүү болгон. Муну менен катар эле эки окуу жайдын ортосундагы кесиптик өнөктөштүктү бекемдөө, тажрыйба алмашуу жана сатып алуу, дисциплиналар аралык илимий-практикалык конференцияларды жана семинарларды, тегерек столдорду, элдик деңгээлде онлайн жана оффлайн форматтарда мастер-класстарды уюштуруу каралган. Эске салсак, Республика Казахстандын Евразиялык улуттук университети, эл аралык маанидеги кадыр-барктуу жогорку окуу жайларынын бири болуп саналат. Ал учурда дүйнөнүн **52** өлкөсүнүн **460** жогорку окуу жайы менен өнөктөштүк байланышта.[12]

➢2023-жылы Казахстандын Евразия улуттук университетинде ОшМУнун **кыргыз тили жана маданияты борбору - филиалы** иштей баштаганю

➢2023-жылдын жазында ОшМУнун алдында Москва мамлекеттик университетинин **“Ломоносов борбору”** ачылып, анын алкагында **3** багыт боюнча биргелешкен кош дипломдук билим берүү программалары ишке ашырылууда.

➢2023-жылдан бери ОшМУнун алдында Алишер Навои атындагы Ташкент өзбек тили жана адабияты мамлекеттик университетинин **“Өзбек тили жана адабияты борбору”**, ал эми аталган университеттин алкагында ОшМУнун **“Ч. Айтматов атындагы кыргыз тили жана маданияты борбору”** ачылып, өз иштерин улантып килишүүдө.

➢Франциянын Пуатье университети менен кызматташуу келишими түзүлгөн.

➢Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун Жарлыгы менен 2022-жылдын 13-апрелинде эски **Ош шаардык клиникалык ооруканасынын** аймагынын чоң бөлүгү биздин **университетке өткөрүлүп берилген**. Учурда ал жерде заманбап **медициналык клиника** курулуп жатат. Бул масштабдуу долбоор университеттин мамлекеттик деңгээлде, стратегиялык жактан колдоого алынган 4.0 моделине трансформациялануусунда негизги түрткү, импульс, көрсөткүч болуп эсептелет.[13]

➢Президент С.Н. Жапаровдун 2022-жылы 18-июлндагы **“Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндөгү”** Жарлыгына ылайык **Ош мамлекеттик юридикалык институту** ОшМУнун курамына кошулган.[14] Кийинчерээк университеттин курамына Ош шаарындагы 12-кесиптик лицейи, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмү кошулду.

➢ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 4-майындагы чечими менен Чыгыш таануу илим-изилдөө институту ОшМУнун алдындагы **Чыгыш таануу институту** болуп кайра түзүлдү *(буйрук 2289-ФХД/23 26-май 2023-жыл),* Чыгыш таануу институтунун биринчи директору болуп тарых илимдеринин кандидаты, доцент Ж.С. Ботоноев дайындалды. Азыркы учурда институт 530900 "Чыгыш таануу, африканистика" (бакалавриат, магистратура), 531100 "Лингвистика. Котормо жана котормо таануу: чыгыш

тилдери" жана "Конфликтология" (бакалавр), билим берүү программалары боюнча адистерди даярдоо ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө. Учурда аталган институтта 250дөн ашык студенттер жана магистранттар билим алууда.

- Ош мамлекеттик университети 2019-жылдан бери **Азия университеттеринин Ассоциациясынын** мүчөсү болуп саналат. Аталган уюм 2012-жылдын 12-майында Алтай мамлекеттик университетинде **8** өлкөнүн **29** окуу жайынын өкүлдөрүнүн отурумунда түзүлгөн. Университеттер ассоциациясынын негизги максаты Азия чөлкөмүндө бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү, жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү интеграциялык жараяндарга кубаттуу импульс берүү, академиялык мобилдүүлүктү, илимий жана маданий байланыштарды кеңейтүү болуп саналат. Учурда аталган ассоциацияга Кыргызстандан **15**, Орусиядан **22**, Казахстандан **33**, Тажикстандан **12**, Өзбекстандан **4**, Кытайдан **4** жана башкалар мүчө. Жалпысынан ар кайсы өлкөлөрдүн **100**гө жакын окуу жайлары мүчө болуп эсептелет.[15] Аны менен катар эле ОшМУ **КМШнын тармактык университети**, **Евразиялык педагогикалык университеттердин Ассоциациясы**, **Орус-Кыргыз техникалык университеттердин консорциуму**, **Евразиялык тармактык университет**, **ШКУ университети** сыяктуу эл аралык, абройлуу университеттик уюмдардын жана бирикмелердин активдүү мүчөсү катары жигердүү аракетте. Бул багытта да масштабдуу иштер жүргүзүлүүдө.
- Азыркы учурда ОшМУ Кытай, Россия жана Казакстандын жогорку окуу жайлары менен **20** эл аралык биргелешкен билим берүү программасы менен кош дипломдуулук боюнча аракеттерди ийгиликтүү ишке ашырууда.
- 2023-жылдын 8-сентябрында ОшМУ курамына кирген **Кыргызстан жогорку окуу жайлар концорциуму менен Elsevier B.V.** компаниясы өз ара кызматташуу жөнүндөгү меморандумга кол коюлган. Концорциумга кирген **17** окуу жай, эл аралык **Scopus** илимий метрикалуу базанын курамына кирди. Алгачкылардан болуп, Кыргызстандын түштүк аймагыда ОшМУнун базасында **Scopus Research Hub** ресурстук борбору ачылган.
- Акыркы үч жылда заманбап талаптарга ылайык **20**дан ашык окуу имараттары, жатаканалар курулган жана реконструкцияланган. Атап айтканда, дене тарбия факультетинде спорттук комплекс, индустриалдык-педагогикалык колледждин окуу имараты, **"Димедиус"** жана **"Морфология"** окуу комплексинин эки имараты, эл аралык билим берүү программалар жогорку мектебинин 5 кабаттуу корпусу, "Билим"лицейинин **3** кабаттуу имараты курулуп пайдаланууга берилди. Өткөн окуу жылында 5 кабаттуу эки окуу имараты - "Ак-Буура" мульти кампусундагы лабораториялык-китепкана комплекси, табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетиндеги ветеринардык клиника, ошондой эле искусство факультетинин кошумча окуу имараты бүткөрүлүп, ишке берилди.
- Ош мамлекеттик университети билим **берүү-илим-өндүрүш-коммерциялаштыруу** үзгүлтүксүз инновациялык жараянын да ийгиликтүү ишке ашырууда. Иш жүзүндө бул система окуу-өндүрүштүк комбинаттын ишмердүүлүгүндө, студенттер теория менен практиканы өндүрүштө айкалыштырып, ар кандай буюмдарын жасап, ал үчүн эмгек акы алышат. Комбинатта **42** заманбап тигүүчү машинка жана катуу заттарды кесүүчү, көп функционалдуу **лазердик машина** орнотулуп, анда студенттер иш үстүндө өндүрүштүк көндүмдөргө ээ болушат жана өндүрүштүк буюртмаларды аткарышат. Алсак, аталган окуу-өндүрүштүк комбинатта студенттер тарабынан **2 млн. сомдук** иштер аткарылган.[16] Учурда окуу-өндүрүштүк комплексинде: **тигүү цехи, карапа цехи, көп функционалдуу лазердик кесүү цехи** иштеп жатат. Болочокто мындай окуу-

өндүрүштүк комплекстер ар бир факультеттин алдында ачылат жана алар илим, билим берүү менен өндүрүштүн үзгүлтүксүз байланышын камсыз кылат. Окуу-өндүрүштүк комплекс эки жылдан бери ОшМУнун зарыл болгон бир катар материалдык муктаждык-тарын камсыздап келет, бул аларды сырттан сатып албоого мүмкүндүк берип, каржылык жактан кыйла пайда келтирүүдө. Келечекте, жогорку окуу жайлардын жана калктын муктаждыктары үчүн өндүрүштүк комплкстин продукцияларын ири эмгек рыногуна чыгаруу жана сатуу пландаштырылууда.[17]

➢ Азыркы ааламдашуу жараянын учурундагы дүйнөлүк университеттердин жетиш-кендиктеринин негизги көрсөткүчтөрүнүн бири, анын эл аралык рейтингдеги орду. Дал ушул ЖОЖдордун рейтинги билим берүүнүн сапаттуу өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизет, академиялык коомчулукка, студенттерге жана иш берүүчүлөргө атаандаштыктын деңгээлин жана алардын аброюн ачык-айкын көрсөтөт. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк билим берүү системасы өнүгүүнүн жаңы этабына кирди жана эл аралык рейтингди эл алдында адилеттүү баалоого жогорку деңгээлдеги кызыгуулар байкалууда. **«IAAR Eurasian University Ranking (IAAR EUR)»** көз карандысыз аккредитация жана рейтингди аныктоо боюнча эл аралык агенттигинин евразиялык билим берүү мейкиндигинде натыйжалуу аракет кылуусу, жогорку окуу жайлар үчүн маанилүү окуя жана эл аралык деңгээлде таануу болуп эсептелет. Учурдагы жогорку окуу жайлардын эл аралык рейтингдерге катышуусу негизги атаандаштык артыкчылыктын жана сапаттын белгиси болуп калууда. **IAAR** эл аралык рейтинг **Webometrics** элементтер менен санариптик технологиялардын негизинде жүзөгө ашырылат жана ишмердүүлүктү баалоо жекече субьективдүү баалоолорду жокко чыгарат. Өткөн, **«IAAR Eurasian University Ranking-2021»** эл аралык рейтингине Россиянын, Казакстандын, Россиянын, Беларуссиянын, Украинанын, Азербайжандын, Арменияның, Молдованын жана Кыргызстандын алдыңкы жогорку окуу жайлары активдүү катышкан. IAAR EUR – 2021, жыл сайын өтүүчү эл аралык рейтингинин жыйынтыгы боюнча **Ош мамлекеттик университети - көп дисциплинардык университет** номинациясында мыкты деп табылган. Анын натыйжасында ОшМУ **Евразиялык мейкиндигинин мыкты – ТОП-10** жогорку окуу жайынын жана **Борбордук Азия чөлкөмүндөгү ТОП-5** жогорку окуу жайдын катарына кирди.[18] Азыркы учурда ОшМУ дүйнөлүк рейтингдеги алдыңкы **ТОП-700** жогорку окуу жайларынын жана Борбордук Азиядагы алдыңкы **3** университетинин катарына кирүү стратегиялык максаттарын, жигердүү ишке ашыруу боюнча активдүү иш-аракеттерди жүргүзүүдө

➢ Университеттин медициналык клиникасынын болушу да, билим берүүнүн инте-грацияланышын, бул тариздеги илимий изилдөөлөрдүн, практикалык базанын акыркы жемиши – калкка медициналык кызмат көрсөтүүнүн мерчемделишин билдирет. Медициналык клиника, көп тармактуу дарылоо мекемеси катары, бир нече жылдан бери калкка толук кандуу кызмат көрсөтүп келет. Анда заманбап операциялык блок, анда ар кандай ооруларга, анын ичинде бөйрөк трансплантациясына операция жасоого шарттар түзүлүп, элге кызмат кылууда.

Жаңы хирургия бөлүмүнүн ачылышы, кардиологиялык оорулууларды диагностикалоо, дарылоо жана кардиохирургиялык операцияларды жүргүзүү үчүн толук мүмкүнчүлүктөрдү ачты. Үстүбүздөгү жылдын жай мезгилинде, Кыргызстанда боорду алмаштыруу, трансплантациялоо боюнча биринчи операцияны Туркиялык адистер менен биргеликте жүргүзүү пландаштырылууда. Андай операцияга керектелүүчү баардык бөлүмдөр заманбап жабдуулар менен камсыздалып, тез жардам унаасы сатылып алынды.

➢ Инновациялык ыкмаларды колдонуунун дагы бир түрү катары **билим берүү – илимий ишмердүүлүк – өндүрүш – билимди коммерциялаштыруу** максатында, быйылкы жылы ачыла турган **7** кабаттуу, жаңы үлгүдөгү медициналык клиниканын - **госпиталдын** курулушу болуп калууда. Анын базасында, медицина жаатынын ата мекендик жана чет өлкөлүк мыкты адистери, чыгаан окумуштуулары, мол тажрыйбалуу дарыгерлери топтолот. Клиника жогорку квалификациялуу дарыгерлерди даярдоочу омоктуу билим берүүчү, илимий-изилдөө базасы кенен, өлкөбүздө эң татаал сыркоолорду диагностикалоо, дарылоо жана хирургиялык операцияларды, анын ичинде органдарды трансплантациялоонун, **билим – илим – өндүрүш – коммерциялаштыруунун** алгачкы борбору болуп калаары шексиз.

➢ Жогоруда аталган багытта, университеттин жаңы **ветеринардык клиникасы** да өз салымын кошууда. Аталган клиника ветеринардык кызмат көрсөтүүнүн баардык түрлөрүн - лабораториялык изилдөөлөрдү, хирургиялык операцияларды, жаныбарларды вакцинациялоону, малды жасалма уруктандыруу боюнча иштерди жүргүзүүнү, кароосуз калган, көчөдөгү ит-мышыктарга паразитологиялык кырдаалга жараша мониторинг жүргүзүүнү жана байкоону камтыйт. Ошол клиникада келечектеги ветеринар, ОшМУнун Табигый илимдер, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин студенти, **малдарды жасалма уруктандыруу** жаатында **100 миң америкалык доллар** көлөмүндөгү грантты утуп алган.

➢ ОшМУда өндүрүштүк маселелерди чечүүгө жана коммерциялаштырууга багытталган дагы бир жагдай, чоподон буюмдарды жасоо, модалуу жана дизайнердик мыкты үлгүдөгү кийимдерди иштеп чыгуу жана тигүү боюнча чыгармачыл мастерскойлор жана кино академия болуп калды. Кино академиянын студенттери окууну практикалык иш менен айкалыштырып, теориялык жана ишкердик көндүмдөрү өздөштүрүшүүдө. Акыркы мезгилде эле студенттер тарабынан **5 спектакль** коюлуп, **9 кыска метраждуу тасма**, **2 көркөм тасма** тартылды. Өткөн жылы көрүүчүлөрдүн назарына **"Молдо Нияз Эрназар уулу"** аттуу көркөм тасма сунушталды. Булар менен катар эле жарнамалык роликтерди, тематикалык видео фильмдерди тартууга комерциялык буюртмалар аткарылууда.

➢ Азыркы дүйнөлүк университеттердин жетишкендиктеринин бир көрсөткүчү-катары анын эл аралык рейтингдеги орду болуп эсептелүүдө. Дал ушул ЖОЖдордун рейтинги академиялык коомчулукка, студенттерге жана иш берүүчүлөргө өзү даярдаган жаш адистердин - атаандаштык жөндөмдүүлүгүн, деңгээлин жана алардын аброюн көргөзүп, билим берүүнүн сапаттуу өнүгүшүнө олуттуу таасир тийгизет. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк билим берүү системасы өнүгүүнүн жаңы этабына кирди жана алардын эл аралык рейтинги эл алдында, ачык баалануусу жогорку кызыгууну туудурганы байкалууда. **«IAAR Eurasian University Ranking (IAAR EUR) – 2023»** көз карандысыз аккредитация агенттигинин жана рейтинг компаниясынын эл аралык рейтингинин жыйынтыгы боюнча, ОшМУ Евразия мейкиндигиндеги университеттердин ичинен **3-орунду** ээледи. Биринчи орунда Аль Фараби атындагы Казах улуттук университети, экинчи орунда РФ Каржы университети болду. Бул рейтингге «Манас» кыргыз-түрк университети, Жалал-Абад мамлекеттик университети да катышкан.[19]

➢ Белгилей кетчү дагы бир жагдай, академиялык билим берүү боюнча дүйнөдөгү эң мыкты жогорку окуу жайлардын рейтингин аныктоочу кампаниялар университеттерди негизги алты көрсөткүч боюнча баалайт. Алар:

✓ **изилдөө ишмердүүлүгү;**

- ✓**окутуу;**
- ✓**иш берүүчүлөрдүн пикири;**
- ✓**карьералык потенциал;**
- ✓**чет өлкөлүк студенттердин саны;**
- ✓**чет өлкөлүк окутуучулардын саны.**

Рейтингге катышуу үчүн ар бир университет бакалавриат, магистратура, дипломдон кийинки программалардын, PhD докторантураны, эң аз дегенде, эки кеңири предметтик багыттары *(мисалы, инженердик иш жана технология, укук жана бизнес)* боюнча билим берүү программасы болууга тийиш.[20] Мындай көрсөткүчтөр, рейтинг боюнча дүйнөнүн мыкты жогорку окуу жайларынын катарына кирүү жолунда бара жаткан, азыркы биздин ОшМУда толугу менен бар.

➢ 2018-19 - 2022-23-окуу жылдарында ОшМУнун көптөгөн билим берүү программалары, билим берүү программаларын аккредитациялоо боюнча ар кандай республикалык жана эл аралык агенттиктер жана уюмдар аркылуу бир катар багыттар/адистиктер/кесиптер боюнча көз карандысыз аккредитациялоодон өткөн. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо боюнча агенттиги (ББПУАА - ААОПО), ОшМУнун **6** атайын орто кесиптик окуу жайын **34** багыт жана адистиктер боюнча, ошондой эле адистиктердин **8** багытын **5** жылдык мөөнөткө аккредитациялаган. ББПУАА - ААОПО ОшМУнун "бакалавриатынын" **2** багытын ийгиликтүү аккредитациялады.

**"“EdNet” Билим берүүнүн сапатын кепилдөө агенттиги"** ОшМУнун **2** атайын орто кесиптик окуу жайын **9** багыт жана адистик боюнча аккредитациялаган. **“EdNet**” агенттиги **5** жылдык мөөнөткө ОшМУнун **27 "бакалавриат"** жана **29 "магистратура"** багыттарын **2** жылдык окуу мөөнөтү менен ийгиликтүү аккредитациялады. Акыркы 5 жылдын ичинде эл аралык программалык аккредитациялоо **IAAR** агенттиги тарабынан **5** жылдык мөөнөткө ОшМУнун медицина адистиги боюнча билим берүү программаларынын **2** багыты аккредитациядан өттү. Ушул эле агенттик 5 жылдык мөөнөткө университетибиздин **17 "бакалавриат"** жана **7 "магистратура"** багыттарын аккредитациядан өткөргөн.[21]

Жогоруда айтылгандардын баардыгы акыркы 5 жылдын ичинде же 2018-19 -2022-23-окуу жылдарында, ОшМУда ички жана эл аралык аккредитациядан **43** атайын орто кесиптик билим берүү багыты, адистиктер боюнча **10** билим берүү программасы, **46** багыт "бакалавриат" жана **36** багыт "магистратура" боюнча аккредитациядан өткөндүгүн аныкталды. Алдыга кескин умтулуп, өзгөрүү, трансформациялануу жолунда бара жаткан университет үчүн - бул олуттуу ийгилик экени талашсыз көрүнүш.

➢ Ар бир жогорку окуу жайдын илимий жетишкендиктеринин маанилүү көрсөткүчү болуп өндүрүшкө киргизилген **Ойлоп табууларга** алган **патенттери** эсептелет. Биздин изилдөөгө алган мезгилибизде ОшМУнун окутуучулук-профессордук жамааты тарабынан **11** патент алынган. Алардын эң ийгиликтүү багыты медицина тармагы болуп, профессорлор А.М. Ешиев, Г.В. Белов, Э. А. Смаилов алдыңкы катарда турушат.

➢ Учурдагы ОшМУну өнүктүрүүнүн маанилүү, артыкчылыктуу багыты болуп, илмий жетишкендиктерди, ачылыштарды дүйнөлүк илимий коомчулукка толук жана ар тараптуу интеграциялоо саналат. Бул таризде алганда, биздин кадыр-баркыбыз ОшМУнун изилдөөчүлөрүнүн илимий жетишкендиктери эл аралык баалоодо турат. Илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын илимий метрикалуу басылмаларда жарыялоо, азыркы заманбап илимий ишмердүүлүктүн негизги атрибуту болуп саналат жана белгилүү

университеттин академиялык өнүгүүсүнүн ийгилигинин көрсөткүчтөрүнүн бири катары кызмат кылат. Эл аралык илимий, илимий метрикалык басылмаларда жарыяланган эмгектер, азыркы учурда абдан маанилүү болуп саналат жана глобалдык масштабда ОшМУнун окутуучулук-профессордук курамынын жана илимий кызматкерлеринин эмгектеринин натыйжалуулугунун маанилүү, ынанымдуу индикатору катары кызмат кылат. Мындай максат үчүн Ош мамлекеттик университетинин алкагында, акыркы 5 жылда, илимий изилдөөлөрдү жарыялоонун көптөгөн жактарын жеңилдеткен, бир катар шарттар түзүлгөн. Ошентип, азыркы учурда биздин университетте - Web of Science, Scopus, Taylor & Francis Group, Science DirectSpringer ж.б., булардан башка Web of Science, ResearcherID, https://researcheracademy.elsevier.com, https://journalfinder.elsevier. com, www. clarivateana litics.com. сыяктуу маалымат порталдарына кирүү үчүн пайдалуу, атайын шилтемелер дайыма иштеп турат. Ошондой эле ОшМУнун базасында, тизмеси рейтингдик журналдарга кирген Journal Citation Reports Wos, Scopus базасынын тизмесине кирген баардык журналдардын базасы жана башка көп нерселер бар. Clarivate Analytics компанисынын ар кандай презентациялары, илимий бет ачарлары, маалымат ресурстары илимий изилдөөлөргө шарт түзүү жана баа берүү, илимий натыйжалуулугун арттыруу, жарыялоо жараянын түшүнүү, илимий журналдарда ийгиликтүү басылуу, илимий карьеранын ийгиликтүү планын түзүү, платформаны пайдаланууну жетекчиликке алуу, on-line пайдалануу максатында Taylor &Francis Taylor & Francis eBooks Online, Scopus and SciVal ж.б. платформалар колдонулат. **"Кантип макаланы туура даярдайт?", ""ScienceDirect", "Mendeley" жана "Scopus" аркылуу илимий изилдөөнүн сапатын жогорулатууда пайдалануу”** ж.б. бир катар бет ачарларды даярдоодо колдонулат. Булардын бардыгы ОшМУнун окумуштууларынын жетишкендиктерин дүйнөлүк илимий коомчулукка интеграциялоо үчүн абдан жагымдуу шарттарды түзөт.

- **Илим-өндүрүш-коммерциялаштыруу** инновациялык системасы ишке ашырылууда. Изилдөө долбоорлоруна акыркы эки жылда эле **22 миллион** сом өлчөмүндө каражат жумшалган. Алгачкы жолу 7 багыт боюнча PhD докторантура программалары ачылды.
- 2021-жылдын күзүндө университетибиздин тарыхында биринчи жолу ОшМУ жөнүндө дүйнөлүк билим берүү жаңылыктарын камтыган “**Global Education News” - “QS мировой рейтинг университетов”** аттуу журналда алгачкы маалымат пайда болду. Анда бакалавриат жана магистратура программалары боюнча кош дипломдорду ишке ашыруу жана ОшМУнун алдындагы ММУнун филиалын ачуу тууралуу сөз болгон. Белгилей кетсек, бул басылмада дүйнөнүн ийгиликтүү өнүгүп келе жаткан университеттери тууралуу маалыматтар жарыяланып турат. **QS** – дүйнөдөгү мыкты жогорку окуу жайларынын кадыр-барктуу эл аралык рейтингдеринин бири. Журнал жыл сайын, чет өлкөлөрдө билим берүү жана окутуу боюнча адистешкен, британиялык аналитикалык **Quacquarelli Symonds** компанисынын рейтингдер жыйынтыгын ар жылы сентябрь айында жарыялайт. Акыркы жылдары бул рйетингдик тизменин сап башында **Массачусетс технологиялык университети, Стэнфорд** жана **Гарвард университтери** ээлеп келет. Азыркы ОшМУ дал ошол глобалдык рейтингге кирүүнү көздөп, өзүнүн эл аралык позициясын жыл өткөн сайын ынанымдуу бекемдөөдө. Учурда ОшМУ **QS** рейтингине кирүү боюнча активдүү аракеттерди жүргүзүүдө. **QS** рейтинги университетердин аймактык рейтингин да аныктайт.[22]
- ОшМУ учурда **"санариптик университет"** долбоорун толугу менен ишке ашырды. Эксперттердин пикиринде бул жетишкендиктердин эң мыкты көрсөткүчтөрүнүн бири

болуп саналат. Ошол эле учурда санариптештирүү ОшМУнун күнүмдүк ишмердүүлүгүндөгү бюрократияны жана коррупцияны азайтууга жакшы өбөлгө түздү. Университеттин баардык иш-аракеттери толугу менен электрондук форматта ишке ашырылууда.

Университеттин санариптик өзгөрүүсү же трансформациялануусу электрондук маалыматтарды масштабдуу колдонуунун негизинде инфраструктурада, башкарууда, окуу жараянында жана студенттер жана кызматкерлер менен өз ара мамилелерде комплекстүү уюштурууда кеңири колдонууда. Натыйжада, университеттин баардык ишмердиги студенттерди кабыл алуудан баштап, аны аяктаганга чейин, билим берүү жараянына тартылган баардык түзүмдөр, иш кагаздарын жүргүзүү санариптик форматка өткөрүлдү.

- Электрондук силлабус, электрондук табель, электрондук библиотека, электрондук оорукана, электрондук архив, онлайн шайлоо системасы, **"ОшМУнун окутуучусу", "ОшМУнун студенти", "ОшМУнун абитуриенти"** тиркемелери иштелип чыгып, ишке ашырылып, өз натыйжасын берүүдө. ОшМУнун ОПКнын ички рейтингдик системасы, университеттин порталындагы **"Электрондук өздүк баракча"** аркылуу окутуучу тууралуу толук маалыматтарды, анын платформасы, окуу-усулдук, тарбиялык, илимий ишмердүүлүгү, ар бир окутуучунун өздүк баракчасы аркылуу, санариптик ыкма менен ишке ашырылат.

- Аталган программалар университеттин программисттери тарабынан түзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын сертификациялоосунан өткөн. Бул дагы Ош мамлекеттик университетинин маанилүү ийгиликтеринин бири экендиги талашсыз.

- Белгилей кетчү дагы бир жагдай, учурда университеттин адистери иштеп жаткан санариптик платформаларды жана он-лайн окутууну бириктирген санариптик мейкиндик - электрондук кампусту **(e-Campus)** иштеп чыгуунун үстүндө иштеп жатышат. Электрондук кампусту түзүү күндүзгү, сырттан окуу (дистанттык), кечки окуу формалары менен **онлайн (e-Learning)** билим берүүнү толугу менен практикалоого мүмкүндүк берет. Билим берүүнүн бул формасы окуу имараттарын, аудиторияларды, техникалык жабдууларды талап кылбайт жана алда канча арзан болот E-Learning мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн убакыт жана ден-соолук жагынан ыңгайлуу. Бул ыкмада окутууну күнү-түнү жүргүзсө болот.

- Жогорудагылар менен катар Кыргызстандын интернет коомчулугунун өкүлчүлүгү (**ISOC**) менен биргеликте ОшМУнун базасында **интернет алмашуунун стратегиялык пункту** ***(IXP)*** ачылды. Бул инфраструктура, интернеттеги **Internet ExchangePoint** көз карандысыз тармактардын ортосундагы байланыштарды жана операциялар аралык байланыштарды **IP-трафикти** (пиринг) оперативдүү уюштурууну коргоого арналган тармактык инфраструктура болуп калды. Аталган пункт Кыргызстандын түштүк чөлкөмүн жана Фергана өрөөнүнүн аймагын тейлейт. Бөлүштүрүү тармактары ОшМУнун алдындагы **Дата-борборунда** жайгашкан. Алмашуу пунктунун иши менен интернеттин ылдамдыгы жогорулайт жана анын иштешинин баасы төмөндөйт. Ошондой эле билим берүү мекемелеринин жана жергиликтүү провайдерлердин ишкер институтун түзүү үчүн шарттар пайда болгон.

- Маалымат көлөмү жана агымы көбөйгөндүктөн, Дата-борбору **4** сервердин сактоо сыйымдуулугун жогорулатуу менен модернизацияланып, толук жаңыртылды. Маалымат

борборунун кубаттуулугун кеңейтүү максатында компьютердик борбордук башкарууну түзүү менен, санариптик жумуш орду түзүлгөн.

- Окутуучуну ишмердүүлүгүн баалоонун ички рейтингдик системасы "Электрондук өздүк баракча" платформасы аркылуу ишке ашырылган. Анын негизги максаты эмгек акыга үстөктөрдү кошууну аныктоо, диверсификациялоо аркылуу профессор-окутуучулук курамды илимий-изилдөө иштерине кызыктыруу болуп саналат. Буга университеттин илимий журналынын ишмердүүлүгүн уюштуруу да кирет, ал толугу менен **Open Journal System (OJS)** электрондук платформасына көчүрүлгөн.[23]
- Азыркы ОшМУда РИНЦКЕ кирген 12 илимий журнал электрондук платформада чыгарылат. Алардын арасында **"Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы", "Чыгыш таануу маселелери"** ж.б. ОшМУнун алкагында бир эле учурда бир нече илимий метрикалуу журналдардын басылып чыгышы, университетибиздин эл аралык рейтингин аныктоодо абдан маанилүү көрсөткүч болуп эсептелээри талашсыз.
- Бүгүнкү күндө ОшМУнун **Youtube, Facebook, Instagram, Telegram, Tiktok** сыяктуу социалдык тармактарда, сайттарда өзүнүн атайын беттери бар. Бул да тез өнүгүп жаткан маалыматтык технологиялардын шарттарындагы маанилүү көрсөткүч.[24]
- Эгерде 2018-19-окуу жылында ОшМУда Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын уруксаты менен **8** адистикте кандидаттык жана доктордук диссертацияларды коргоо кеңештери **20** адистик боюнча иштесе, 2022-23-окуу жылында ОшМУнун алкагында 10 адистикте кандидаттык жана доктордук диссертацияларды коргоо кеңештери **26** адистик боюнча диссертациялык кеңеш өз ишин жүргүзүүдө.[25] Диссертациялык кеңештердин негизги адистиктери - дифференцияланган теңдеме, динамикалык тутумдар, оптималдуу башкаруу, геометрия жана топология, бухгалтердик эсеп жана статистика, экономиканын математикалык жана маалыматтык усулдары, электр станциялары жана энергетикалык тутумдар, экономикалык, социалдык жана саясий география, геоэкология, физикалык география, биогеография, ландшафттардын геохимиясы, патология, онкология, жаныбарлардын морфологиясы, санитардык экспертиза, органикалык, органикалык эмес жана физикалык химия, ботаника, зоология, экология, айыл чарба, жер таануу, нерв оорулары, психиатрия, физиология, патология, онкология, морфология, өсүмдүктөрдү коргоо, этномология, токой чарба ж.б. Жогорудаггы диссертациялык кеңештер КР УИАнын механика жана автоматика институту жана республиканын И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы, Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия (Славян) университети, Б. Сыдыков атындагы кыргыз-өзбек эл аралык университети, академик М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети сыяктуу жогорку окуу жайлары менен биргеликте түзүлгөн.

Ошентип, ОшМУнун белгилүү окумуштуулары өз университеттеринин жана башка жогорку окуу жайлардын алкагындагы диссертациялык кеңештеринде, УИАнын институттарында өлкөбүздө илимдин өнүгүшүнө жана илимий адистерди даярдоого өз салымын кошуп жатышат. Бул өзгөчө маанидеги стратегиялык максатка багыт алган университет үчүн абдан жакшы натыйжа экендиги талашсыз.

- Азыркы ОшМУ белгилүү, абройлуу эл аралык долбоор, программалар менен ийгиликтүү жана натыйжалуу кызматташып, инвестицияларды тартууда. Алардын катарында **Азия Өнүктүрүү Банкы, Конрад Аденауэр атындагы фонд, Улуу Британия**

**кеңеши, QueensUni of Belfast, АКШнын Мамлекеттик департаменти, БУУнун качкындар боюнча комиссариаты, ЮНЕСКО, ЮНИСЕФ, "Сорос-Кыргызстан" фонду, ШКУ университеттери, Эрасмус+, Мевлана, ДААД, ТИКА, Түркиянын Диняет Вакфы, Эстон эл аралык өнүктүрүү борбору, "Лидер" жарандык демилгелер борбору, микростипендиялар программасы, Борбор Азиядагы айлана чөйрөнү коргоо (ЕРСА), Седжон королунун институту** ж. б. бар.[26]

➢ Эгерде 2018-19-окуу жылында ОшМУнун чет өлкөлүк студенттеринин жалпы үлүшү **3574** студентти түзсө, 2022-23-окуу жылында алардын саны **9736**га жетип, беш жыл мурдагыга караганда **6162** студент ашык кабыл алынган. Эгерде 2022-23-окуу жылына карата ОшМУнун студенттеринин контингенти **48485** студентти түзгөндүгүн эске алсак, чет элдик студенттердин катышы жалпы сандын **20%** түзөт. Бул, өз кезегинде, дүйнөлүк мыкты университетттер рейтинги үчүн абдан маанилүү көрсөткүч болуп саналат. Акыркы 5 жылда ОшМУда **Индия, Пакистан,Непал, Иран, Англия, Кытай, Түркия, Корея, Япония, Палестина, Малайзия, Россия, Сомали, Сирия, Афганистан, Казахстан, Өзбекистан, Тажикистан** жана башка өлкөлөрдөн келген студенттер билим алышууда.

➢ 2023-жылдын 20-декабрында Ош мамлекеттик университетине Томаш Здечовский баштаган **Европарламенттин делегация**сы келди. Делегациянын курамында Эстер Де Ланге, Никколо Риналди, Анна Казмарек, Кристиан Сагарз, Тьерри Мариани, Вита Грифита жана Эразмус+ Кыргызстандагы улуттук координатору Гүлнара Исаева болгон. Алардын иш сапары ОшМУнун академиялык, медициналык жана маданий ландшафтын көп кырдуу изилдөөгө багытталган. Делегациянын иш сапарынын багыты эл аралык кызматташтыкты жана түшүнүүнү өнүктүрүүгө болгон каалоону чагылдырган бир катар иш-чараларды камтыды. Иш сапардын негизги учурлары: университеттин администрациясы менен жолугушуу, европалык мекемелер менен ОшМУнун кызматташуусунун потенциалдуу жолдорун талкуулоо; окутуучулар жана студенттер менен өз ара аракеттенүү, билим алмашуу платформасын камсыз кылуу жана маданияттар аралык диалогго дем берүү; ОшМУнун чыгармачылыгын жана маданий, руханий байлыгын камтыган Искусство факультетине атайын иш сапар; делегация университеттин госпиталында болуп, эл аралык медицина факультетинин, ОшМУнун алкагындагы медициналык мекемелердин ишмердүүлүгүнө терең кызыгуу менен карап, клиникалык, гематология, цитология, ЭГД, ЭКГ, ДФА, гигиеналык, нутрициология жана гистологиялык изилдөөлөргө арналган лабораторияларга барышты. Атайын долбоорлордун бет ачарына арналган сессия Европарламенттин депутаттарына ОшМУнун илимий даражасын, инновациялык жана таасирдүү демилгелерин көрүүгө мүмкүндүк берди; делегация ОшМУнун алдыңкы илимий-изилдөөлөрү, медицина жана андагы алдыңкы технологиялар жөнүндө түшүнүк берген “Димедус” жана “Морфокорпуска” барды.[27]

➢ Учурдагы ОшМУда эл аралык рейтингдердин талаптарына ылайык университеттин 4.0 моделинин критерийлерине шайкеш болгон, университеттин **жаңы бренди** иштелип чыкты. Жаңы брендди иштеп чыгууда университеттин бай тарыхы, учурдагы абалы жана келечектеги стратегиялык багыттары эске алынган.[28] Кабыл алынып, кеңири колдонууга алынган **жаңы бренд 4.0 моделиндеги университетке айланууга, өзгөрүүгө бел байлаган, трансформациялануу жолундагы соода белгиси *(соода маркасы)*** катары кызмат кылат.

Ошентип, жогоруда баяндалгандардын баары, жаңы бийиктиктерге умтулган, дүйнөлүк мыкты университеттеринин катарына кирүүгө жана **QS** рейтингинен татыктуу орун алууга,

жаңылануу, трансформациялануу жолундагы ОшМУнун динамикалуу өнүгүүсүнөн кабар берээрин баса белгилейбиз.

## Колдонулган булактардын жана адабияттардын тизмеси:


1. Концепция развития Ошского государственного университета на 2019-2024 годы//Текущий архив ОшГУ. Протокол заседания Ученого совета Ошского государственного университета от 4 февраля 2019 г.; Концепция развития Ошского государственного университета на 2019-2024 годы// https://www. oshsu. kg/storage/ uploads/ files/21685514652OshMUnun_2019-2024-zhyldary_onukturuu_koncepsiyasy_(2).pdf
2. Программа стратегического развития «Модель устойчивого развития Ошского государственного университета» на 2023-2026 годы. –С.10-20// https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21708594193 Osh_mamle-kettik_universitetinin_2023-2026-zhyldarga_turuktuu_onuguu_modeli.pdf
3. Закон Кырыгзской Республики “О внесении изменений в неоторые законодательные акты Кыргызской Республики по вопросам образования” от 22 июня 2022 года, город Бишкек; Указ Президента Кыргызской Республики «О мерах по повышению потенциала и конкурентоспособности образовательных организаций высшего профессионального образования Кыргызской Республики» от 18 июля 2022 г.//https://www.president.kg/ru/sobytiya/novosti/22957_podpisan_ukaz_o_pridanii_ osobogo_ statusa_ryadu_vuzov;
4. Модель устойчивого развития Ошского государственного университета на 2023-2026 годы// https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21684203185strategy_oshsu.pdf
5. Архив ОшГУ. Протокол заседания Ученого совета Ошского государственного университета от 5 марта 2018 г. –С.4.
6. Разработана дорожная карта ОшГУ// https://oshsu.kg/ru/news/1350
7. Протокол № 7 заседании Ученого совета Ошского государственного университета от 31 марта 2023 года «Об утверждении окончательного варианта миссии Ошского государственногоуниверситета» //https://www.oshsu.kg/ storage/uploads/files/21682327407Missiya_OshGU-1.pdf
8. Академическая политика ОшГУ 2022-23гг.//1.5. Академическая свобода// https:// www.oshsu.kg/ru/page/ 9#_Toc134983380
9. «Пилотный проект «Общество и образование» в Ошском государственном университете на 2021-2022 годы», утвержденное МОН КР//file:///C:/Users/User/Desktop/Pilotnyy_proekt_ Obrazovanie_i_ obschestvo_ OshGU_2021-2022.pdf.
10. «Пилотный проект «Общество и образование» в Ошском государственном университете...
11. Филиал Евразийского национального университета имени Л.Н.Гумилева//https:// www.oshsu.kg/ru /page/ 248
12. Программа стратегического развития «Модель устойчивого развития ошского государственного университета» на 2023-2026 годы. –С.7// https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/ 21708594193 Osh_ mamlekettik_ universitetinin_2023-2026-zhyldarga_turuktuu_onuguu_modeli.pdf
13. Ассоциация азиатских университетов//https://iro.oshsu.kg/pages/page/273
14. Сведения взяты от директората Учебно-производственный комплекс при ОШГУ; О нас кратко//https:// www.oshsu.kg/ru/page/258
15. Сведения взяты от директората Учебно-производственный комплекс при ОШГУ

16. О нас кратко//https:// www.oshsu.kg/ru/page/258
17. О нас кратко//https:// www.oshsu.kg/ru/page/258
18. Три Кыргызстанских университета попали в рейтинг вузов Евразии// https://www.akchabar.kg/ru/news/oshgu-zanyal-trete-mesto-v-mezhdunarodnom-rejtinge-universitetov-evrazii/
19. Рейтинг университетов мира QS// https://www.educationindex.ru/articles/university-rankings/qs/
20. Количество аккредитованных образовательных программ, специальностей, направлений ОшГУ подсчитано автором, по материалам Аккредитация, сайта ОшГУ// https://www.oshsu.kg/ru/page/188
21. Рейтинг университетов мира QS// https://www.educationindex.ru/articles/university-rankings/qs/
22. Программа стратегического развития «Модель устойчивого развития Ошского государственного университета» на 2023-2026 годы. –С.9// https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/ 21708594193 Osh_ mamlekettik_ universitetinin_2023-2026-zhyldarga_turuktuu_onuguu_modeli.pdf
23. Научные журналы ОшГУ//https://journal.oshsu.kg/
24. Архив ОшГУ. Протокол №7 заседания Ученого совета Ошского государственного университета от 28 февраля 2020 г. -С.22-23
25. Текущий архив ОшГУ. Протокол №6, заседания Ученого совета Ошского государственного университета от 1 марта 2024 г. –С.7-8.
26. Бюджет и специальные фонды на 2019-2022 годы. Финансовые инвестиции//https://iro.oshsu.kg/ pages/ page/308
27. Визит Делегации Европарламента в ОшГУ//#erasmusplus#eu4kg//http://
28. brand.oshsu.kg/brandbook.html